«Бекитемин»
КИПКнин директорунун
орун басары
________Кельдибеков И.М
«_02_» ___09___2024- ж.

# Китепкананын техникалык коопсуздук эрежеси

## 1. Коопсуздук маселелери

1.1 Структуралык өзгөрүүлөр жана учурдагы процедуралар (ишти аткаруу тартиби)

А) Бардык каалгалар жана терезелер кулпуланышы керек.

Б) Байкап туруучу станция менен байланышкан тынчты алган сигналдашуучу тармагы болуш керек.

В) Күн сайын жабылгандан кийин бардык тышка чыга турган жерлерди, терезелерди текшерип туруу.

Г) Талапка ылайык келген өрт өчүрүүчү станционардуу же көчмө каражаттары болушу керек.

2. Жабдууларды, шаймандарды орноштуруунун, жайгаштыруунун, кармап туруунун жана жумушчу орундарын аныктоонун талаптары.

## 2. Жалпы талаптар

2.1. Бардык кызмат аткаруучу бөлмө жана окуу залы керектүү жабдуулар менен камсыз болушу керек.

2.2. Текчелерди терезеге перпендикуляр түрүндө жайгаштырып текчелердин арасындагы өткөөлдөрдүн жакшы жарык болушуна, ошону менен бирге китептерге күндүн зыян келүүчү нурунун тийишинен сактоого жетишүү керек.

2.3. Китептерди текчелерге нормадан тышкары жайгаштырууга тыюу салынат.

2.4. Китептерди, гезиттерди текчелерге койгондо алардын четтери чегинен чыгып текчелердин арасындагы өткөөлдөрдү тосуп калуусуна уруксат берилбейт.

2.5. Көргөзмө уюштуруучу стенддер, витриналар, кулап кетпес үчүн мыктылап бекитилиши жана алардын арасын ачык коюу керек.

### 3. Табигый жарык берүү

3.1. Окурмандар келип турган жайлардын ичинде табигый жарык берилбесе же ал биологиялык жагынан жеишсиз болсо, ультрафиолеттүү жасалма жарык менен жабдылышы керек.

3.2. Жарык берүүрү жерлерди текчелер, китептер жана башка материалдар менен далдалап тосууга уруксат кылынбайт.

3.3. Күндүн нурунун түз тийишин сактаныш үчүн калканыч каражаттарын колдонуу керек.

3.4. Китепкана айына бир жолу санитардык күн өткөрүш керек. Бул күнү китепкана окурмандарды тейлебейт.

3.5. Санитардык күндө төмөнкүдөй жумуштар аткарылат;

-китепканалык фонддун жана каталогдун чаңдары тазаланат.

- жарык берүүчү, шамалдатуучу, китептерди жамоо жана желимдөө иштери жүргүзүлөт.

3.6. Санитардык күндө башка иштерди аткарууга тыюу салынат.

### 4. Коопсуздук чаралары

4.1. Китепкананын айланасындагы жерлер жакшынакай иреттүүлүктө күтүлүшү керек.

4.2. Сигнализация тармагын орноштуруу керектигин карап көрүү. Бардык жерлерине жарык түшүп туруусу керек.

4.3. Каалгалар жана терезелер жакшылап бекемделиш керек.

4.4. Имараттын ичиндегилер иретүү, көркөм жайгаштырууну талап кылат.

4.5. Имарат кызмат көрсөтпөй турган мезгилде кулпуланып жабылып турушу керек.